**"Бекитемин"**
**Директор: Тентова Н.Т**

## Окууда жетишпеген балдар менен иштөө жообосу

**Максаты:**

**1.**Окуучулардын билим алуусунун деңгээлин котөрүү;
**2.** Балдардын окууга болгон жоопкерчиликтүү мамилесин жөнгө салуу;
**3.**Ата-энелердин балдарынын окуусуна болгон жоопкерчилигин арттыруу;
**4.**Окуучулардын сабактардан начар окуп,классташтарына салыштырмалуу окуу материалдарын өздөштүрө албоосунун жана ордуна калып калуусунун алдын-алуу;
**5.**Предметтен окуу материалдарын туура өздоштүрүүсүнө жардам берүү;

- **Начар өздштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча негизги багыттар**

- Окуучунун окудан жетише албагандыгынын себебин аныктоо;
- Начар өздштүргөн окуучуну сабактан жетишүүсүнө комплекстүү иштерди жүргүзүү:сабактан тышкаары учурда иштөө,ата-энеси менен сүйлөшүү,сабак учурунда иштөө;
- Класстан тышкааркы иш чараларга тартуу;
- Коомдук иштерге катыштыруу ж.б;

Окуучунун окудан начарлоосунун себеби ар кандай болушу мүмкун.Ар бир эле окуучу жакшы окуганды каалайт деп ойлойм.
Кээ бир учурларда сабактардан эки алып калган учурларда бала окуга болгон кызыгы тарап,кээде ал сабакка катышпай да койгон кездер болот.
Жыйынтыгында да тартиби да начарлайт.Сабактан начар окуган бала өзүндөй болгон башка дагы бир начар окуган бала менен достошот,себеби жакшы окуган окуучунун жанында ал өзүн ылдый сезиши мүмкүн.
Окуудагы жетишпөө-бул окуучунун окуу программасын канаттандырарлык денгээлде өздөштүрө албоосу.

Начар өздөштүргөн окуучулар менен сабак учурунда иштөө.
Сабактын этаптары:
1.Өтүлгөн материалдарды кайталоо учурунда окуучуга сабакта дифференцирленген суроолорду берүү менен окууга болгон кызыгуусун арттыруу туура жооп берген учурда аны мактоо.

2.Жаңы теманы түшүнүүсү үчүн жөнөкөйлөтүлгөн мисалдар,тажрыйбалар аркылуу түшүндүрүү.
3.Бышыктоо учурунда берилүүчү тапшырманы жөнөкөйлөтүп берүү.
4.Өз алдынча иштөөдө атайын карточкаларды дайындап келип,окуучунун деңгээлине жараша тапшырмаларды берүү.
5.Окуучунун билимин обьективдүү баалоо.
6.Окуучуга индивидуалдык тапшырмаларды берүү.

**Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө**

**1.** Окуучунун аты жөнү
**2.** Класс
3. Кайсы предметтен жетише албайт
4.Окуучунун иш тартиби
5.Окуучунун начар окуусунун себептери: ____________________
________________________________________________--
6.Окуучуменен кандай иштер аткарылды:____________________
________________________________________________
________________________________________________-
________________________________________________

**1.Иштин Жыйынтыгы:**________________________________________
________________________________________-

**Начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөөдө класс жетекчинин милдеттери:**

Класс жетекчи класстагы окуучунун окуудан жетише албагандыгын себебин аныкташ керек.Ал үчүн жекече аңгемелешип,мектептин психологуна кайрылып,ата-энеси менен аңгемелешип ар кандай иш аракеттерди аткаруу менен себебин аныкташы зарыл.

Баланын сабактан жетише адбай начар өздөштүргөндүгүн аныктоо:

Сабакты көп калтыруу;
Үйдөн тапшырмаларды аткарууда ата-эне тарабынан контролдун жоктугу;
Жөндөмсүздүгү;
Окууга болгон каалоосунун жоктугу;
Тапшырманын көлөмүнүн өтө көптүгү;
Окуу материалдарынын кыйындыгы;
Ден соолугунун начарлыгы;